# КЫРГЫЗ ТИЛИ

***(окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)***

**№ 1.** Кептин оозеки стилине … толук мүнөздүү.
**а)** сөз каражаттарынын түрдүү болушу
**б)** сөз каражаттарын, интонация, мимика жана жестти эркин колдонуу
**в)** синонимдердин көп болушу
**г)** диалектизмдердин болушу

**№ 2.** Репортажга мүнөздүү стилди белгилеңиз.
**а)** кептин баяндоо тибине
**б)** адабий көркөм
**в)** илимий
**г)** публицистикалык

**№ 3.** Көркөм стилге өзгөчө мүнөздүү касиеттерди белгилеңиз.
**а)** сөздөрдү эркин колдонуу
**б)** образдуулук, эстетикалык таасирдүүлүк, турмушту көркөм чагылдыруу
**в)** сөздөрдү көп мааниде колдонуу
**г)** образдуулук кызыктуулук

**№ 4.** Тексттеги ойду эмне аныктайт?
**а)** темасы, коюлган проблемасы
**б)** планы
**в)** түзүлүшү
**г)** аталышы

**№ 5.** Кептин формаларын белгилеңиз.
**а)** баяндоо, сүрөттөө
**б)** сөз, сүйлөм, абзац
**в)** илимий стиль, көркөм стиль
**г)** оозеки жана жазуу

**№ 6.** Эки тыбышты билдирген тамгаларды белгилеңиз.
**а)** ё, ю, я
**б)** е, з, с
**в)** ш, в, ф
**г)** аа, үү, өө

**№ 7.** Кыргыз тилинде үнсүз тыбыштардын саны.
**а)** 25
**б)** 22
**в)** 39
**г)** 14

**№ 8.** Жоон үндүү тыбыштарды белгилеңиз.
**а)** э, ы, и, е
**б)** а, ы, о, у
**в)** и, я, о, е
**г)** ө, ү, э, и

**№ 9.** Диалектилик сөздөрдү белгилеңиз.

**а)** чорго, балка
**б)** чалап, балта
**в)** чайнек, аары
**г)** челек, асел

**№ 10.** Антоним сөздөрдү белгилеңиз.
**а)** бакыт – таалай
**б)** жүз – жүз
**в)** жакшы – жаман
**г)** ата – аба

**№ 11.** Синонимдердин тизмегин белгилеңиз.
**а)** чөп-өсүмдүк-бак
**б)** жыйын-жыйналыш-чогулуш
**в)** алма-өрүк-дарак
**г)** ит-мышык-жолборс

**№ 12.** ***Үчтөн бир, бештен үч.*** Сан атооч сөздөрдүн түрүн белгилеңиз.
**а)** бөлчөк сан
**б)** жөнөкөй сан атооч
**в)** чамалама сан атооч
**г)** эсептик сан атооч

**№ 13.** Сын атооч түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.
**а)** жөнөкөй, татаал
**б)** туунду, тубаса
**в)** жай, даража
**г)** көптүк, жекелик

**№ 14. -ар** мүчөсүнүн түрүн белгилеңиз.
**а)** таандык
**б)** жак
**в)** жөндөмө
**г)** атоочтук

**№ 15.** ***Жайкы таң.*** Сүйлөмдүн түрүн белгилеңиз.
**а)** атама
**б)** жөнөкөй
**в)** жай
**г)** жалаң

**№ 16.** Айтылыш максатына карай сүйлөмдүн түрүн белгилеңиз: ***Айдай, сиз мени кыйнай бересизби_***
**а)** суроолуу
**б)** буйруктуу
**в)** жай
**г)** илептүү

**№ 17.** Кыргыз тилине соңку мезгилдерде кирген неологизмдерди белгилеңиз.
**а)** колхоз, совхоз, комсомол
**б)** университет, институт, колледж
**в)** бизнес, депутат, маркетинг
**г)** кейс, ноутбук, ксерокопия
**№ 18.** Сүйлөмдөгү каратма сөздү белгилеңиз: ***Айтор, кыргыз көрбөгөн азап калган жок, балдарым.***

**а)** Айтор
**б)** азап
**в)** балдарым
**г)** калган жок

**№ 19.** Фразеологизмди белгилеңиз.
**а)** орус тили
**б)** көпкөк асман
**в)** жылан сыйпагандай
**г)** көкүл чач

**№ 20.** -лар мүчөсү уланбастан көптүктү билдирген сөздү белгилеңиз.
**а)** топурак
**б)** чабан
**в)** барак
**г)** палас

**№ 21.** Сүйлөмдөгү боштуктарды мааниси боюнча ылайык сөз тизмектери менен толуктаңыз.
***Биологиялык таанып- билүү ------- башкаруу менен аны адамдын ------ ------ багыттап өзгөртүүгө кеңири жол ачат.***
**а)** уктарды / адамдарды /сүйүнүүсүнө
**б)** азыктарды /жаныбарларды/ жашоосуна
**в)** закондорду / жандуу жаратылышты/ жыргалчылыгына
**г)** китептерди / адамдарды / турмушун

**№ 22. «Китептерге»** деген сөздөгү фонеманын санын белгилеңиз.
**а)** 3
**б)** 10
**в)** 7
**г)** 4

**№ 23.** Сингармонизмге ылайык туура жазылган сөздөрдү белгилеңиз.
**а)** дария, мийзам
**б)** шарият, иман
**в)** ыйман, карыя
**г)** саясый, мыйзам

**№ 24.** Омоним сөздөрдүн жасалыш жолун белгилеңиз.
***жеңил (жеңил буюм) – жеңил (жеңилүү), казат (согуш) – казат (жерди казуу)***
**а)** фонетикалык
**б)** сырттан келүү менен
**в)** грамматикалык
**г)** көп маанилүүлүк (полисемиялык)

**№ 25.** Биздин ата-бабаларыбыз колдонгон үй буюмдарын белгилеңиз.
**а)** сепаратор, чий, стакан
**б)** килем, газ плитасы, телефон
**в)** үкөк, кесе, аяк
**г)** чаң соргуч, ийик, тегирмен

**№ 26.** -сы таандык мүчөнүн жагын белгилеңиз.
**а)** I, II
**б)** I

**в)** II
**г)** III

**№ 27.** Этиштик сөз айкашын белгилеңиз.
**а)** темир жол
**б)** шаарга баруу
**в)** менин энем
**г)** Асан ойгонду

**№ 28.** Тыбыштык жактан өзгөртүлүп айтылган сөздөрдү белгилеңиз.
**а)** поезд, бизнес, кредит
**б)** көлөч, чиркөө, сот
**в)** жаан, челек, чайнек
**г)** үй, мектеп, китеп

**№ 29.** Баш сүйлөм менен орун багыныңкы сүйлөмдүн байланыш каражатын белгилеңиз:
***Акылдуу адам бар жерде, ынтымак достук күч алат.***
**а)** жандооч
**б)** багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочуна жатыш жөндөмөсүндөгү жерде деген сөз тизмектешип айтылышы
**в)** баяндооч
**г)** баш сүйлөмдүн баяндоочуна жатыш жөндөмөдөгү жерде деген сөздүн тизмектешүүсү

**№ 30.** Сөз айкашынын түрүн белгилеңиз: келе жаткандардын бирөө
**а)** этиштик сөз айкашы
**б)** сөз айкашы боло албайт
**в)** туруктуу сөз айкашы
**г)** атоочтук сөз айкашы